«БЕКИТЕМИН»
Ош мамлекеттик университетинин
ректору, физика-математика
илимдеринин доктору, профессор
_______________К.Г.Кожобеков
«__26__» ______04______ 2022-ж.

**Ош мамлекеттик университетинин Чыгыш таануу жана тарых факультетинин Кыргызстан тарыхы жана археология, этнология кафедрасынын 26-апрелинде өткөрүлгөн (№8) жыйынынын протоколунун**

**КӨЧҮРМӨСҮ**

**Катышкандар:** Арстанов С.А. – декан, т.и.к. (07.00.02), доцент; Шаанов Т.М. - каф. башчы, т.и.к. (07.00.02), доцент; Сатыбалдиева Ч.Т. - т.и.к. (07.00.07), доцент; Осмонова С.К. - т.и.к. (07.00.07), доцент; Ташмаматов О.А. - т.и.к. (07.00.02), доцент; Маразыков Н.К. - т.и.к. (07.00.07), доцент; Салиева Э.А. - окутуучу; Атаканова Г.А. – окутуучу; Пасанова К.Б. – окутуучу; Жапарова А.К. – окутуучу; Эсенали кызы А. – катчы.

**Күн тартибинде:**

**Арзыматова Анаркуль Жумадиловнанын “Кыргыз Республикасынын коомдук – саясий турмушунун өнүгүшү (1991 – 2005-жж.)”** деген темадагы 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу учун жазылган диссертациясынын кол жазмасын талкуулоо.

Илимий жетекчиси – тарых илимдеринин доктору Т.О. Омурзакова.

**Отурумдун төрагасы, “Кыргызстан тарыхы жана археология, этнология” кафедрасынын башчысы, Т.М.Шаанов:** Урматтуу кесиптештер, бүгүнкү талкууга коюлуп жаткан диссертация 1 ай мурун алгачкы талкуудан өтүү үчүн кафедрага келип түшкөн жана сиздерге окууга таратылып берилген. Диссертациянын кол жазмасы менен барыңыздар таанышып чыктыңыздар. Диссертант А.Ж. Арзыматованы да жакшы билесиздер деп ойлойм, анткени ал биздин факультеттин бүтүрүүчү жана биздин кафедранын аспиранты болгон. Анын 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн жазылган “Кыргыз Республикасынын коомдук – саясий турмушунун өнүгүшү (1991 – 2005-жж.)” деп аталган диссертациясынын темасы биздин кафедрадан бекитилген. Жакында эле диссертанттын жетекчисин алмаштыруу боюнча арызын

факультеттин Окумуштуулар кенешинде карап, алмаштырып бергенбиз. Жетекчси т.и.д., Өмүрзакова Турсунай Өмүрзаковна болуп бекитилген.

Анда эмесе талкуубуздун ишин баштасак. Ар бириңиздер диссертанттын эмгеги боюнча конструктивдүү сын пикириңиздерди, сунуштарыңыздарды айтсаңыздар, диссертациянын жакшыруусу үчүн салым кошкон болосуздар. Ошон үчүн барыңыздарды талкууга активдүү катышууга чакырам. Анда бүгүн талкууга коюлуп жаткан темасынын негизги мазмуну менен тааныштыруу үчүн диссертант А.Ж. Арзыматовага сөз берсек.

**Диссертант Арзыматова А.Ж.:** Саламатсыздарбы урматуу агай-эжекелер! Алгач өзүмдү тааныштыра кетейин, мен Арзыматова Анаркуль Жумадиловна. Бүгүн сиздердин назарыңыздарга "Кыргыз Республикасынын коомдук – саясий турмушунун өнүгүшү (1991 – 2005-жж.)" аттуу темадагы тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн жазылган илимий ишимди сунуштап жатам. Изилдөөнүн хронологиялык рамкасы 1991-2005-жылдарды өз ичине камтыйт. Изилдөөнүн предмети катары Эгемендүү Кыргызстандын 1991-2005 жылдардагы саясий тутуму, мамлекеттик башкаруу органдары, саясий реформалар, коомдук-саясий турмуштук өнүгүшү, мыйзамдар, токтомдор эсептелет. Ал эми изилдөөнүн максаты катары, 1991-2005-жылдары Кыргыз Республикасынын коомдук саясий тумушунун өнүгүшүнө тийгизген таасирин жана ордун аныктоо. Диссертация структуралык жактан 3 баптан, 6 параграфтан жана корутунду, адабияттан турат.

Тарых илими коомдун саясий чөйрөсү менен байланышып турат. Саясий анализсиз азыркы тарыхчылар өзүнүн потенциалын, мыйзам ченемдүүлүгүн ачып бере албайт. Коомдун саясий турмушу дегенде биз саясий система, саясий субьектилер, саясий мамилелер, коомдун саясий турмушундагы кыйынчылыктарды тереңирээк изилдөөнү түшүнөбүз. Коомдук саясий функциялык өзгөрүүлө мисалы, ошол учурда 2005-жылга чейин оң жана терс жактарын кароо үчүн хронологиялык рамкага бөлүп карадым. Биринчи баптын 1-параграффында 1991-2005-жылдардагы Кыргыз Республикасынын коомдук-саясий турмушун изилдөөнүн тарыхнаамасы каралып, аталган темага байланыштуу окумуштуулардын илимий иштери анализге алынган. Ата Мекендик жана КМШ окумуштууларынын илимий эмгектерин өзүнчө бөлүп кароого аракеттендик. Изилдөөнүн темасы бир нече дисциплиналарды камтыгандыктан, диссертациялык иштин теориялык жана экономикалык негизин ачып берүү үчүн тарыхчылардын жана саясатчылардын, укук тануучулардын жана экономисттердин илимий иштери каралган. 2-параграффта саясий турмушту изилдөөнүн негизги теориялык концепсиясы жана коомдук-саясий турмуштун өнүгүүсү боюнча изилдөө жүргүзгөн

окумуштуулардын эмгектери анализ кылынган. Мында биз түстүү революция, трансформация, модернизация теорияларына кайрылабыз.

Диссертациянын 2-бөлүмүндө Эгемендүү Кыргыз Республикасынын коомдук саясий системасынын калыптанышы анализденди. Өлкөнүн ички жана тышкы саясатынын башкаруу формасы, бул багыттагы реформалар, чек ара маселеси, мамлекеттик башкаруу формасы, конституциялык реформалар каралды. Жалпысынан Суверендүү Кыргыз Республикасынын түзүлүшү жана андагы коомдук саясий системанын калыптанышы жана эгемендүү мамлекеттин саясий жана демократиялык институттарын түзүү этаптары иликтенди.

Ал эми 3-баптын 1-параграффында Кыргыз Республикасындагы саясий процесстер талдоого алынды. Мында 2002-жылдагы Аксы окуясынын, 2005-жылкы март окуясынын келип чыгуу себептери, Кыргыз Республикасында 1995-2000-жылдарда болуп өткөн парламенттик шайлоо, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын башчыларын шайлоо, референдум боюнча шайлоо институту боюнча маселелер анализденди. Кыргызстандагы шайлоо институту, коомдук саясий институттун, саясий маданияттын калыптанышы актуалдуу маселелердин катарында турат.

Көңүл бурганыңыздар үчүн чоң рахмат. Сиздердин ой-пикириңиздерди жана кеңешиңиздерди күтөм.

**Шаанов Т.М.:** Жакшы. Диссертантка ыраазычылык билдиребиз. Теманын мазмуну боюнча кыскача маалымат берди. Анда талкуунун алдында суроо-жоопко өтсөк. Кимде суроолор бар?

**Т.и.к., доцент Ташмаматов О.А.:** Диссертацияңызда 3-бапты 2005-жылдагы саясий тутумдун эволюциясы деп атапсыз. Бул боюнча Замира Молошева деген Казакстандык изилдөөчү башкача маани, түшүнүк менен диссертациялык ишин коргогон эле. Сиз ошол теманы кайталап калган жоксузбу?

**Арзыматова А.Ж.:** Суроoңуз үчүн чоң рахмат. Чынында мен изилдеген темага жакын изилдөөлөр тарыхчылар эле эмес, юристтер, экономисттер, саясат таануучулар арасында да кездешкендей таасир калтырат. Бирок ар бир илимдин өзүнчө изилдөө аспектиси болгондуктан, изилдөөчүлөр коюлган маселелерди башкача өңүттө, өз алдынча изилдешет. Мен темамда Эгемендүү Кыргыз Республикасынын коомдук-саясий турмушун тарыхый көз караште карадым деп ойлойм.

**Т.и.к., Сатыбалдиева Ч.Т.:** Изилдөөдө колдонулган методдорду жазып атканда, кайсы маалыматты кайсы методдун жардамы менен алдыңыз кыскача түшүндүрмө жазылышы керек болот. Дисертациялык ишиңизди ЖАКтын эски Жобосу менен даярдадыңызбы же жаңы Жобонун негизинде жаздыңызбы?

**Арзыматова А.Ж.:** Мен диссертацияны жазып баштаганда эски Жобо күчүндө болчу ошол үчүн мурункудай тартипте даярдалды. Бирок кийинки талкууларга чейин диссертациялык ишимди кайрадан карап чыгып, жаңы Жобонун талаптарына ылайыктайм.

**Салиева Э.А.:** Саламатсызбы? Биздин туңгуч президентибиз А.Акаевдин башкаруу мезгили негизинен демократиялуу болгон деген көз караш басымдуулук кылат. Бирок сиз ал мезгилди авторитардык башкаруу болду деп негиздепсиз. Ушул боюнча жооп берсеңиз?

**Арзыматова А.Ж.:** Коомчулукта чындыгында түрдүү пикирлер бар. Авторитардык башкаруу болду деген бул менин жеке пикирим. Мен изилдеген материалдар, ошондой жыйынтык берди деп ойлойм.

**Шаанов Т.М.:** Урматтуу кесиптештер башка суроолор болбосо, анда талкуута өтө берсек. Сунуш-пикириңиздерди айта берсеңиздер болот.

**Арстанов С.А.:** Диссертанттын темасы актуалдуу. Эгемендик доорунда 1991-2005-жылга чейинки аралыкта кыргыз тарыхында эң олуттуу саясий окуялар болгону барыбызга маалым. Ошондуктан теманын хронологиялык рамкасы туура тандалган деп ойлойм. Талкуунун жүрүшүндө байкалып жатат, диссертант өзүнүн темасы туралуу аябай жакшы билет экен. Бул колдоого аларлык көрүнүш. Диссертациянын кол жазмасы жатык, илимий тилде тилде жазылган. Айрым диссертациялар келип түшкөндө адабий тилде, же образдуу, публицистикалык тилде жазылган материалдар кездешип калат. Алардан айырмаланып, бул диссертация илимий тилде жазылган жана илимий аппарат менен жакшы жабдылган. Бул диссертанттын көп жылдан бери ушул темада изилдөө жүргүзгөндүгүнүн белгиси десек болот. Бирок бул белгиленген жетишкендиктер менен катар айрым бир сын-пикирлерди белгилеп кетсем.

Киришүүдө 17 илимий жаңылыкты белгилеп атасыз. Менимче бул аябай көп. Ошол эле жерде коргоого коюлган 7 жобону белгилеп атасыз. Мааниси окшош илимий жаңылыктарды бириктирип, 10го чейин кыскартсаңыз деп сунуштайт элем. ЖАКтын жаңы Жобосу боюнча диссертациялык изилдөөлөрдүн структурасында теманын изилденүү деңгээлине жана колдонулган булактык, методологиялык базасына өзүнчө баптар бөлүнөт. Сиздин ишиңизде бул эки маселеге 1-бапты эле ажыратыпсыз. Бирок жалпы көлөмү азыраак болуп калыптыр, 19 беттен туруп атат. Калып кеткен материалдарыңызды кошуп чыксаңыз болот. Мисалы, изилдөөнүн Оозеки тарых ыкмасын колдонуп 1991-2005-жылдар аралыгындагы өлкөбүздөгү саясий инсандарга, жетекчилерге, саясатчыларга жеке изилдөөчү катары жолугуп, айрым саясий процесстер, чоң-чоң окуялар боюнча пикирлерин алып, анализдесеңиз болот.

Изилдөөңүздө 91-бетте 2005-жылдагы март окуялардын жүрүшүн сүрөттөп жатканда 3 адам каза болгондугу туралуу маалымат келтириптирсиз. Шилтеме катары Мырзакулов аттуу журналисттин "Кылмыш жана жаза" гезитинин 2005-жылы август айында чыккан санында жарык көргөн макаласы көрсөтүлүптүр. Март окуясында 3 адам каза болгондугу боюнча менин маалыматым жок экен. "Кылмыш жана жаза" газетасы официалдуу газета эмес. Бул боюнча башка булактарды дагы карап, бул маалымат далилденсе гана кошсоңуз. Ошондой эле 2005-жылдагы Кыргызстандагы чоң саясий окуя бул – март окуясы болгон. Март окуясы революция болгонбу? Же жөн гана бийлик алмашуубу? Ушул маселе боюнча да сиз изилдөөчү катары өз пикириңизди баса белгилеп кетишиңиз керек.

Изилдөөңүздө адабияттарды көп колдонгонсуз. Колдонулган адабияттар жана булактарда 300гө чейин аталыштар белгиленип турат. Адабияттарды колдонуу эрежелери бар. Мисалы, нормативдик документтер, мыйзам-ченемдик актылардын аталыштарын жазыпсыз, бирок аларды кайдан алганыңыз белгиленген эмес. Мисалы, ММКлардан алдыңызбы же архивден алдыңызбы толук көрсөтүлүшү керек. Колдонулган илимий адабияттардын тизмесинде мурунку Президент А.Акаевдин "Памятное десятилетие" деген 1 эле китебин белгилепсиз. А.Акаев бир топ эмгектерди чыгарган. Ошолорду да пайдаланган болсоңуз кошуп кетүү керек. Себеби сиз карап жаткан мезгил дээрлик толугу менен А.Акаевдин Президенттик мөөнөтүнө туура келет. Ал кишинин пикирлери изилдөө үчүн зарыл деп эсептейм. Ошондой эле кийинки Президент К.Бакиев дагы "Жолду баскан арбытат" деген китеп жазган. Ал эмгегинде 2005-жылы өзүнүн кантип бийликке келгендиги туралуу баяндаган. Салыштырма-анализ үчүн бул эмгекти да колдонууңуз зарыл. Колдонулган адабияттар катары берилген ашыкча эмгектерди кыскартсаңыз болот. Эмгекте көбүнчө политологдордун, юристтердин эмгектери берилиптир. Негизинен сиз тарыхчылардын илимий эмгектерине кайрылыңыз.

Айтылган сунуш-пикирлерди эске алсаңыз, илимий эмгегиңиз негизинен даяр экен. Эртерээк жыйынтыктап, ийгиликтүү коргоп алышыңызга тилектешпиз. Ийгиликтерди каалаймын.

**Сатыбалдиева Ч.Т.:** Арзыматова Анаркуль Жумадиловнанын диссертациясынын темасы актуалдуу. Диссертант белгилеп кеткендей, көпчүлүк саясий окуяларга тарыхый баа берүү, анализ жүргүзүү, жыйынтык берүү толук ишке аша элек. Кыргызстандын эгемендүүлүк мезгилиндеги коомдук-саясий турмушун кароо диссертациянын негизги милдети болуп саналат. Диссертациянын структурасы туура коюлуп, хронологиялык ыраттуулук сакталган. Изилдөө максаты да туура коюлган. Изилдөөнүн максатына жетүү үчүн милдеттери да кеңири берилген. Эгер ушулардын баары

кабыл алынган деген сөздөр кайталана берген жана даталарга да көп токтолгонсуз. Даталарды бир аз сүйлөтүү жагын да карасаңыз жана ар бир глава, параграффтан кийин да кыскача корутундулап өзүңүздүн жыйынтыгынызды чыгарып коюшуңуз талап кылынат. Диссертациялык изилдөөнү атайын адистерге редакциялатып койсоңуз. Ийгилик каалайм, жакшы коргоп алыңыз.

**Ташмаматов О.А.:** Саламатсыздарбы урматтуу коллегалар, диссертация негизинен актуалдуу жана диссертабелдүү. Мен кыскача эле сунушумду айтайын. 2000-жылы 30-апрелде Жогорку Кеңешке сунуштаган Өкмөттүн № 198 токтому бар. Ушул токтом менен таанышып чыксаңыз. Бул токтомдо коомдук-саясий турмуштун өнүгүшүнө пландар, ченемдик актылар дагы бар. Токтомду карап ошол боюнча да кошо кетсеңиз. Сизге ийгилик каалайм жана ачык коргоого сунуштайм!

**Осмонова С.К.:** Саламатсызбы Анаркуль Жумадиловна? Бүгүнкү диссертациялык ишиңиз актуалдуу экенинде талаш жок. Ар бир мамлекеттин коомдук-саясий турмушу ошол мамлекет үчүн өтө актуалдуу. Бул теманы алып чыгуу негизи аябай кыйын. Карай турган, изилдей турган аспектилердин аймагы кенен. Бул тема боюнча көп жылдан бери эмгектенип келе жатасыз. Ошол ишиңиздин жыйынтыгына бүгүн күбө болуп отурабыз. Азаматсыз! Биздин коллегалар айткан сунуш-пикирлерди эске алуу менен бирге ачык коргоого сунуштайм жана ийгиликтерди каалайм.

**Пасанова К.Б.:** Анаркуль Жумадыловна диссертацияныздарды ачык коргоп алыныз. Ийгиликтерди каалайм.

**Шаанов Т.М.:** Урматтуу коллегалар, башка кошумча пикир же сунуштар жок болсо талкууну жыйынтыктоонун алдында диссертантка кайрадан сөз берсек.

**Арзыматова А.Ж.:** Урматтуу талкуунун катышуучулары, сиздердин талкууңуздарга коюлган диссертациянын кол жазмасын окуп, баалуу сунуш-пикирлерди бергениңиздер үчүн ыраазычылык билдирем. Диссертациялык жумушумду алгачкы жолу талкууга коюп жатам. Ошондуктан, сиздер айткан сын-пикирлерди туура кабыл алып, дисссертациялык ишти мындан ары сапаттуу багытта өзгөртүүгө аракет кылам жана кемчиликтерди жоюуга толук аракетимди жумшайм. Сиздерге дагы бир жолу ыраазычылык билдирем. Баарыңыздарга чоң рахмат!

**Т.М. Шаанов:** Урматтуу талкуунун катышуучулары, диссертация менен таанышып чыккан бардык окумуштуулар өз пикирлерин билдиришти. Талкуу учурунда айтылган көпчүлүк пикирлер диссертациянын кол жазмасын коргоого сунуштоо боюнча болду. Ошондуктан Арзыматова Анаркуль Жумадиловнанын “Кыргыз Республикасынын коомдук – саясий турмушунун өнүгүшү (1991–

толук изилденип, жыйынтыктай алса диссертанттын жетишкендиги болуп саналат. Диссертант колдонгон изилдөөнүн усулдарына методологиялык негизди кошо жазган. Диссертациялык иштин илимий жаңылыктары абдан көп, бир аз кыскартса болчудай. Эгерде ушунун баарын илимий жаңылык кылып киргизе алам жана ачып бере алам десе анда калтырса болот. Андан тышкары диссертацияга коюлуучу негизги жоболор, практикалык мааниси киргизилген. Изилдөөнүн натыйжаларында диссертант өзүнүн изилдөөнүн натыйжаларын аппробациялоонун натыйжасында 8 илимий макала, публикация жарыялаган экен. Алардын ичинде жобого ылайык, Scopus, Web up Scienc боюнча индексацияланган журналдарга да 1 макала чыгаруусу зарыл. Эгер жарыяланса чыгарган макаланы киришүүдө конкреттүү белгилеп коюш керек.

Негизи мен изилдөөнүн методологияга кайрылгым келип турат. Сиз 4 методду бергенсиз. Ушунча чоң диссертацияны жазганда 4 ыкма аздык кылат. Мисалы 2005-жылы болгон март революциясы боюнча жазганда сиз кайсы усулду колдондуңуз? Мисалы, эмпирикалык усулдун жардамы менен революцияга катышуучуларды, көрүүчүлөрдү, революционерлерди сурамжылашыңыз керек. Эмпирикалык усул сизде жок. Эмпирикалык усул өзү 5-6 пункттарга бөлүнүп кетет. Ошолорду системалаштырып пайдалансаңыз болот. Анан колдонулган ар бир усул боюнча баяндап, менин изилдөөм максатына жетти деп белгилеп кетиш керек. Сиз теориялык жактан жазып кете бергенсиз. Методологиялык негиз дегенде сиз принциптерге таянып жазгансыз. Методологияда бир аз башкачараак болот. Архивдик материалдар менен тастыктаптырсыз бул жакшы нерсе. Архивте изилдөөнүн өзүнүн методдору бар аны да кошуп киргизишиңиз керек жана статистикалык методду да кошушуңуз керек. Сизди диссертациялык ишинизди ачык коргоого сунуштайбыз жана ийгиликтерди каалайм.

**Шаанов Т.М.:** Анаркуль Жумадыловна бул тема бүгүнкү күндөгү тарыхнаамабыздагы эң актуалдуу темалардын бири. Бирок биздин кафедрада Рыскулов Канат Кадыркулович агайдын темасына мааниси жагынан жакындашып кетет экен. Интернетте ВАКтын сайтынан карап, салыштырып көрсөңүз болот. Хронологиялык рамкада 1991-2005-жылдар деп алыпсыз. Бирок диссертацияңыздан 2002-жылдагы Аксы окуясы боюнча материал көрө албадым. Негизинен конституциялык реформаларга көп токтолуп кетиптирсиз.

ЖАКтын жаңы Жобосундагы талап боюнча ар бир бөлүмдүн көлөмүнүн нормалары бар. Ошону эске алып койсонуз. Изилдөөнүн хронологиялык рамкасы 1991-2005-жылды камтыганы менен К.Бакиев, А.Атамбаев, С.Жээнбеков туралуу жазып, 2010-2020-жылдагы саясий окуяларга токтолуп хронологиялык рамкадан чыгып кетипсиз. Ошол жагын да эске алып карап койсоңуз. Изилдөөнүн 2-бапында көбүнчө кызматка келген, кызматтан кеткен,

2005-жж.)” деген темадагы 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн жазылган диссертациясынын кол жазмасын коргоого сунуштоону колго саламын.

Добуш берүүнүн жыйынтыгы: «макул» - бир добуштан, «каршы» - жок, «калыс» - жок.

Ош мамлекеттик университетинин чыгыш таануу жана тарых факультетинин Кыргызстан тарыхы жана археология, этнология кафедрасынын 2022-жылдын 26-апрелинде өткөрүлгөн (протокол №8) жыйыны А.Ж. Арзыматованын “Кыргыз Республикасынын коомдук–саясий турмушунун өнүгүшү (1991–2005-жж.)” аталышындагы кандидаттык диссертациясынын кол жазмасы боюнча

**БҮТҮМҮ**

**1. Теманын актулдуулугу**. Эгемендүү Кыргызстан суверендүүлүктүн алгачкы жылдарынан баштап эле өнүгүүнүн демократиялык багытын тандап алды. Жаңылануу процесси татаал экономикалык, социалдык, саясий кризистер менен коштолду. Чарбалык жана улуттар аралык байланышты сактап калуу үчүн мурдагы СССРдин курамындагы респубикалар тарабынан 1991-ж. 21-декабрда түзүлгөн Көз карандысыз мамлекеттердин шериктештиги (КМШ) уюмунун алкагында да көптөгөн саясий, экономикалык жана социалдык проблемаларды чечүү жана жаңы коомдук-саясий турмушка өтүү оңойго турган эмес. Диссертациялык теманын актуалдуулугу Кыргыз Республикасынын 1991–2005 - жж. аралыгындагы коомдук – саясий турмушундагы окуялардын өнүгүүсүн ырааттуу изилдөө жана демократиялык коомдун калыптануусун, жарандардын саясий социалдашуусуна тийгизген таасирин аныктоо, саясий тутумду, саясий жашоонун өнүгүшүндөгү мыйзам ченемдерди илимий жактан талдоо зарылчылыгын аныктайт. Кыргызстандын коомдук саясий турмушунун көйгөйлүү маселелерине арналган илимий эмгектерди тарых илиминин ыкмалары менен тарыхый көз караштa комплекстүү изилдөө, жалпылоо зарыл деген ойдобуз.

**Диссертацияда берилген жыйынтыктарды алуудагы изденүүчүнүн конкреттүү жеке салымы**. Изденүүчү бир катар жаңы тарыхый булактарды илимий айлампага киргизүү менен Кыргыз Республикасынын 1991-2005-жылдардагы коомдук-саясий тарыхына комлекстүү изилдөө жүргүзгөн.

**2. Изилдөөлөрдүн натыйжаларынын ишенимдүүлүк даражасы жана жаңылыгы**.

– Кыргыз Республикасынын коомдук – саясий турмушунун өнүгүшү (1991 – 2005 ж.ж.) изилдөө илимий принциптер жана методдор менен иликтенген.

2005-жж.)" деген темадагы 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн жазылган диссертациясынын кол жазмасын коргоого сунуштоону колго саламын.

Добуш берүүнүн жыйынтыгы: «макул» - бир добуштан, «каршы» - жок, «калыс» - жок.

Ош мамлекеттик университетинин чыгыш таануу жана тарых факультетинин Кыргызстан тарыхы жана археология, этнология кафедрасынын 2022-жылдын 26-апрелинде өткөрүлгөн (протокол №8) жыйыны А.Ж. Арзыматованын "Кыргыз Республикасынын коомдук–саясий турмушунун өнүгүшү (1991–2005-жж.)" аталышындагы кандидаттык диссертациясынын кол жазмасы боюнча

**БҮТҮМҮ**

**1. Теманын актулдуулугу**. Эгемендүү Кыргызстан суверендүүлүктүн алгачкы жылдарынан баштап эле өнүгүүнүн демократиялык багытын тандап алды. Жаңылануу процесси татаал экономикалык, социалдык, саясий кризистер менен коштолду. Чарбалык жана улуттар аралык байланышты сактап калуу үчүн мурдагы СССРдин курамындагы респубикалар тарабынан 1991-ж. 21-декабрда түзүлгөн Көз карандысыз мамлекеттердин шериктештиги (КМШ) уюмунун алкагында да көптөгөн саясий, экономикалык жана социалдык проблемаларды чечүү жана жаңы коомдук-саясий турмушка өтүү оңойго турган эмес. Диссертациялык теманын актуалдуулугу Кыргыз Республикасынын 1991–2005 - жж. аралыгындагы коомдук – саясий турмушундагы окуялардын өнүгүүсүн ырааттуу изилдөө жана демократиялык коомдун калыптануусун, жарандардын саясий социалдашуусуна тийгизген таасирин аныктоо, саясий тутумду, саясий жашоонун өнүгүшүндөгү мыйзам ченемдерди илимий жактан талдоо зарылчылыгын аныктайт. Кыргызстандын коомдук саясий турмушунун көйгөйлүү маселелерине арналган илимий эмгектерди тарых илиминин ыкмалары менен тарыхый көз караште комплекстүү изилдөө, жалпылоо зарыл деген ойдобуз.

**Диссертацияда берилген жыйынтыктарды алуудагы изденүүчүнүн конкреттүү жеке салымы**. Изденүүчү бир катар жаңы тарыхый булактарды илимий айлампага киргизүү менен Кыргыз Республикасынын 1991-2005-жылдардагы коомдук-саясий тарыхына комлекстүү изилдөө жүргүзгөн.

**2. Изилдөөлөрдүн натыйжаларынын ишенимдүүлүк даражасы жана жаңылыгы**.

– Кыргыз Республикасынын коомдук – саясий турмушунун өнүгүшү (1991 – 2005 ж.ж.) изилдөө илимий принциптер жана методдор менен иликтенген.

2005-жж.)" деген темадагы 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн жазылган диссертациясынын кол жазмасын коргоого сунуштоону колго саламын.

Добуш берүүнүн жыйынтыгы: «макул» - бир добуштан, «каршы» - жок, «калыс» - жок.

Ош мамлекеттик университетинин чыгыш таануу жана тарых факультетинин Кыргызстан тарыхы жана археология, этнология кафедрасынын 2022-жылдын 26-апрелинде өткөрүлгөн (протокол №8) жыйыны А.Ж. Арзыматованын "Кыргыз Республикасынын коомдук–саясий турмушунун өнүгүшү (1991–2005-жж.)" аталышындагы кандидаттык диссертациясынын кол жазмасы боюнча

**БҮТҮМҮ**

**1. Теманын актулдуулугу**. Эгемендүү Кыргызстан суверендүүлүктүн алгачкы жылдарынан баштап эле өнүгүүнүн демократиялык багытын тандап алды. Жаңылануу процесси татаал экономикалык, социалдык, саясий кризистер менен коштолду. Чарбалык жана улуттар аралык байланышты сактап калуу үчүн мурдагы СССРдин курамындагы респубикалар тарабынан 1991-ж. 21-декабрда түзүлгөн Көз карандысыз мамлекеттердин шериктештиги (КМШ) уюмунун алкагында да көптөгөн саясий, экономикалык жана социалдык проблемаларды чечүү жана жаңы коомдук-саясий турмушка өтүү оңойго турган эмес. Диссертациялык теманын актуалдуулугу Кыргыз Республикасынын 1991–2005 - жж. аралыгындагы коомдук – саясий турмушундагы окуялардын өнүгүүсүн ырааттуу изилдөө жана демократиялык коомдун калыптануусун, жарандардын саясий социалдашуусуна тийгизген таасирин аныктоо, саясий тутумду, саясий жашоонун өнүгүшүндөгү мыйзам ченемдерди илимий жактан талдоо зарылчылыгын аныктайт. Кыргызстандын коомдук саясий турмушунун көйгөйлүү маселелерине арналган илимий эмгектерди тарых илиминин ыкмалары менен тарыхый көз караш комплекстүү изилдөө, жалпылоо зарыл деген ойдобуз.

**Диссертацияда берилген жыйынтыктарды алуудагы изденүүчүнүн конкреттүү жеке салымы**. Изденүүчү бир катар жаңы тарыхый булактарды илимий айлампага киргизүү менен Кыргыз Республикасынын 1991-2005-жылдардагы коомдук-саясий тарыхына комлекстүү изилдөө жүргүзгөн.

**2. Изилдөөлөрдүн натыйжаларынын ишенимдүүлүк даражасы жана жаңылыгы**.

– Кыргыз Республикасынын коомдук – саясий турмушунун өнүгүшү (1991 – 2005 ж.ж.) изилдөө илимий принциптер жана методдор менен иликтенген.

– Саясий турмушту изилдөөнүн негизги теориялык концепциялары жана ыкмалары көрсөтүлгөн;

– Суверендүү Кыргыз Республикасынын түзүлүшү жана андагы коомдук саясий системасынын калыптанышынын жүрүшү талдоого алынган;

– Эгемендүү Кыргызстандын саясий жана демократиялык институттарынын калыптанышынын өзгөчөлүктөрү изилденген;

– Кыргызстандагы саясий партиялардын түзүлүшү жана алардын парламенттик шайлоолорго катышуусу анализге алынган.

– Саясий кризистин келип чыгуу себептерине жаңы аспектиде талдоо жүргүзүлгөн.

– Демократиялык мамлекеттик саясий режимди камсыз кылуучу факторлорунун бири болгон Кыргыз Республикасынын үч бийлик бутагынын орду жана андагы реформалардын багыты изилденген;

– Кыргыз Республикасынын мамлекеттүүлүгүнүн конституциялык жана укуктук негиздеринин өнүгүшү талданган;

– 2005-жылдагы март окуяларынын себептери, тарыхый, саясий ролу изилденип, талдоого алынган.

**3. Изилдөөнүн практикалык мааниси**. Кыргыз Республикасынын коомдук-саясий турмушунун өнүгүшү жөнүндөгү билимдин кеңейишин камсыз кылат жана анын көйгөйлөрүн андан ары терең изилдөөгө колдонулушу мүмкүн. Диссертациянын негизги жыйынтыктары жана жоболору мамлекеттик бийлик органдары коомдун муктаждыктарын эске алуу менен, практикалык ишмердүүлүгүндө колдонууга болот.

**4. Изденүүчүнүн илимий иштеринин баалуулугу**. Изилдөө ишинин баалуулугу КР Борбордук мамлекеттик архивдеги, КР Борбордук саясий документтер архивиндеги, КР Президентинин архивиндеги, КР Жогорку Кеңешинин архивиндеги маалыматтарды илимий айлампага киргизүү менен Кыргызстандын эгемендүүлүк мезгилининин 1991-2005-жылдар аралыгындагы коомдук-саясий тарыхына илимий анализ кылынгандыгы болуп эсептелет.

**5. Диссертациянын адисттикке туура келиши**. А. Ж. Арзыматованын “Кыргыз Республикасынын коомдук–саясий турмушунун өнүгүшү (1991–2005-жж.)” деген темадагы кандидаттык диссертациясында алынган жыйынтыктар менен натыйжалар 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы адистигине туура келет.

**6. Изденүүчү тарабынан жарыяланган эмгектердеги диссертациянын материалдарынын толук чагылдырылышы**. Арзыматова А. Ж. диссертациялык ишинин мазмуну боюнча Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу ЖАК сунуш кылган талаптарга, о.э. КР “Окумуштуулук даражаларды берүү тартиби жөнүндөгү Жобого” ылайык 10

илимий макала жарык көргөн, анын ичинен 8 макала РИНЦке кирген илимий журналдарга жарыяланган:

1. Кыргызстандын коомдук-саясий турмушундагы саясий партиялардын ролу // ОшМУнун Жарчысы. №4. 2005.
2. Кыргыз Республикасынын парламенти // ОшМУнун Жарчысы. №1. 2007.
3. Геополитические ориентиры Кыргызской Республики // Поиск. серия гуманитарных наук. №2. 2010. - С.70-75.
4. Кыргыз Республикасында башкаруу формасынын калыптанышы (1991-2005-жж.) // Известия вузов Кыргызстана. Бишкек,2018. №1. - 157-159-бб.
5. Становление президентской власти в Кыргызской Республике: исторические аспекты и политические факторы // Евразийское научное объединение. « 5-4 (75). 2021. – С. 304-307.
6. Кыргызстанда президенттик бийликтин калыптанышы (1991-2005-жж.) // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. № 3. 2021. - 174-177-бб.
7. Общественно – политическая жизнь Кыргызской Республики // Евразийский союз ученых. Серия: исторические, политические и социологические науки. № (87). 2021. – С. 4-6.
8. Кыргыз Республикасында сот бийлигинин түзүлүшү жана калыптанышы (1991-2005-жж) // Известия вузов Кыргызстана. Бишкек,2021. №1. - 175-178-бб.
9. Эгемендүү Кыргыз Республикасында жүргүзүлгөнг конституциялык реформалар // К. Карасаев атындагы БМУнун жарчысы. № 2-3 (56-57). 2021. - 67-70-бб.
10. Развитие общественно-политической жизни Кыргызской Республики с 1991 по 2005 г. // Гуманитарные и социально-экономические науки. 2022. № 4 (125). - С. 67-70.
11. Кыргызстандагы коомдук – саясий турмушка таасир эткен факторлор // И. Арабаев атындагы КМУнун Жарчысы. 2022. № 4(II). - 265-270-бб.

**7.** А. Ж. Арзыматованын “Кыргыз Республикасынын коомдук–саясий турмушунун өнүгүшү (1991–2005-жж.)” деген темадагы 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн талаптанып жазылган диссертациясы ачык коргоого сунуш кылынат жана Арзыматова А. Ж. “Кыргыз Республикасынын коомдук–саясий турмушунун өнүгүшү (1991–2005-жж.)” деген темадагы диссертациялык ишинин кол жазмасы КР “Окумуштуулук даража боюнча жобосунун” 11

пункутунда белгилеген: "билимдин тийиштүү тармагы үчүн олуттуу мааниси бар маселелердин чечилиши" квалификациялык белгисине туура келет.

Ош мамлекеттик университетинин чыгыш таануу жана тарых факультетинин Кыргызстан тарыхы жана археология, этнология кафедрасынын 2022-жылдын 26-апрелинде өткөрүлгөн (протокол №8) жыйыны А.Ж. Арзыматованын "Кыргыз Республикасынын коомдук–саясий турмушунун өнүгүшү (1991–2005-жж.)" аталышындагы кандидаттык диссертациясынын кол жазмасын, аткарылган диссертациялык иши боюнча билдирүүнү угуп жана талкуулап

**ТОКТОМ кабыл алат:**

1. А.Ж. Арзыматованын "Кыргыз Республикасынын коомдук–саясий турмушунун өнүгүшү (1991–2005-жж.)" деген темадагы 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн талаптанып жазылган диссертациясынын кол жазмасы боюнча бүтүм бекитилсин.
2. А.Ж. Арзыматованын "Кыргыз Республикасынын коомдук–саясий турмушунун өнүгүшү (1991–2005-жж.)" деген темадагы 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн талаптанып жазылган диссертациясынын кол жазмасы Кыргыз Республикасынын ЖАКнын талаптарына жооп берет жана ачык коргоого сунушталат.
3. А. Ж. Арзыматованын "Кыргыз Республикасынын коомдук–саясий турмушунун өнүгүшү (1991–2005-жж.)"деген темадагы диссертациясы боюнча 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча кандидаттык минимум экзамендин кошумча программасы бекитилсин.

**Жыйындын төрагасы,**
**т.и.к., доцент** **Шаанов Т. М.**

**Катчы:** **Эсенали кызы А.**

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ

Ош МУ
Тастыктаймын
2023 ж. «20» 06
Кадрлар бөлүмүнүн башчысы Турдубаева Г.